ISSN 1694-7681

ЖУРНАЛ «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ»
ОСНОВАН В 2001 ГОДУ, ПЕРЕИМЕНОВАН
В «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА»
В 2015 ГОДУ, ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО

Зарегистрирован
в Министерстве юстиции
Кыргызской Республики
Регистрационный № 673
от 19 декабря 2001 года

Республиканский научно-теоретический журнал

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

№ 11, 2016

БИШКЕК – 2016

Чунгулов Ж.К.

ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ-ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГООНУН БАШАТЫ

Чунгулов Ж.К.

ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ ОБРАЗОВАНИЕ-ЗАЛОГ ОХРАНЫ ПРИРОДЫ

Z.K. Chungulov

ENVIRONMENTAL EDUCATION IS THE KEY TO CONSERVATION

УДК: 504.37.

Иш негизинен өлкөбүздөгү экологиялык билим берүүгө, жаратылышыбызды сактоого,коомчулукка, өсүп келе жаткан муунга жүргүзүлүп жаткан иш аракеттер жөнүндө баяндалат.

Негизги сөздөр: *экология, курчап турган чөйрөнү коргоо, экологиялык билим берүү, экологиялык көйгөйлөр.*

В статье проводится нализ экологического образования в стране на примере конкретной работы с подрастающим поколением.

Ключевые слова:*экология, охрана окружающей природы, экологическое образование, экологичесие проблемы.*

The work is devoted to environmental education, nature conservation, environmental education of the young generation.

Key words*: ecology, environment, environmental education, environmental issues.*

Дүйнөдөгү экология тармагынын адистери белгилеп келгендей, жаратылышты жана адамдардын экологиялык коопсуздугун камсыз болушу атайын экологиялык билим берүүчү мамлекеттик жана коомдук мекемелелер, мамлекеттик бийлик, коомчулук аркылуу ишке ашат. Алардын ичинен эң эле актуалдуулугу, инсандын экологиялык жактан калыптанышына экология тармагындагы иштеген адистердин билим берүүсү, жүргүзгөн түшүндүрүү иштери, коомчулуктун жаратылыш менен карама каршылыгынын жоюлушу негизги орунду ээлейт.

Экологиялык билим берүү-бул экологиялык үзгүлтүктүз тарбиялоочу, билим берүүчү, коомдун, анын ичинде өсүп келе жаткан муундун жаратылышка аяр мамиле жасоого калыптандыруучу узак иш аракет.

Экологиялык жактан тарбия берүү-бул жаратылышты коргоого, жаратылышты сүйүүгө, жаратылышка гумандуу мамиле жасоого жана жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууга жана коргоого багытталган көп жылдык үзгүлтүксүз жүргүзүлүүчү чоң процесс болуп эсептелет.

Экологиялык билим берүүдө негизги иш, адам баласы экологиялык көйгөйлөрдүн жаралуусуна каршы ар кандай ыкмаларды иштеп чыгууда, колдонууда коллективдик жана өздүк салымын кошууга, ошол иштердин жыйындысы биригип келип дүйнөлүк коомчулук глобалдык экологиялык көйгөйлөрдү таанып билүүгө салым кошууга басым жасалат.

Ушул максаттарда 1975-жылы Белградда, 1977-жылы Тбилиси шаарында экологиялык билим берүүнүн багыттарын аныктап алуу жана экологиялык билим берүүнүн максаттары жөнүндө эл аралык конференциялар уюштурулган.

Мамлекетте табигый жаратылышты сактап калуу, калкка экологиялык билим берүү тармагы бир калыпка салынмайын, өлкөнүн табигый жаратылышы жабыркоонун гана үстүндө болуу менен бирге өлкөдө жашаган калктын ден-соолугуна да терс таасирин берет.

Азыркы убакта өлкөбүздүн жалпы билим берүүчү орто мектептеринде акыркы 20 жылга чукул 11-класска "Геоэкологиянын негиздери" сабагы 34 саат өткөрүлүп келген.Окуучулар бул сабактан өлкөбүздүн жаратылышын коргоо, жаратылыштын ар түрдүү кубулуштарына жооп алуу жана күтүлүүчү жаратылыштын кырсыктары менен кенен таанышуу менен алардын алдын алууну да окуп үйрөнүшчү. Тилекке каршы жалпы билим берүүчү орто мектептеринде аталган сабак кыскарып, экологияга арналган сабакка болгону 3-4 саат бөлүнүп калды. Өлкөбүзддүн жаратылышты коргоого болгон абалын ушундан эле карап, тиешелүү баа берүү өтө деле оор эмес.

Өлкөбүздө экологиялык билим берүү, калкка жаратылышты коргоо боюнча түшүндүрүү иштерине мамлекеттик мекемелер, мектептер, жогорку окуу жайлары жетише албай жаткандыгына байланыштуу, жетише албай жаткан боштуктуу толтуруу үчүн, өлкөбүздүн жаратылышын коргоого салым кошууга, калктын, өсүп келе жаткан муундун экологиялык билимин жогорулатуу жана экологиялык билим аркылуу калктын жаратылышка жасаган мамилесин жакшыртуу максатында Германиянын жаратылышты коргоо союзунун(NABU) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү, өкүлчүлүктүн ичиндеги экологиялык билим берүү бөлүмү көптөгөн жылдардан бери өлкөбүздүн ар кайсы аймактарында бала бакчаларга, жалпы билим берүүчү орто мектептерге, жогорку окуу жайларына, жалпы эле өлкөбүздө жашап жаткан калкка экологиялык билим берүү жана жаратылышты коргоо боюнча түшүндүрүүрү иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүп келе жатат.

Германиянын жаратылышты коргоо союзунун (NABU) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү, өкүлчүлүктүн ичиндеги экологиялык билим берүү бөлүмү экологиялык билим берүү жана жаратылышты коргоо боюнча түшүндүрүүрү иштерин үзгүлтүксүз жүргүү үчүн төмөнкү багытта иш алып барууда:

1.Мектепке чейинки тарбия берүүчү мекемелерде (бала бакча) балдарды жаратылышты сүйүүгө, балдардын жаратылышка көз карашын гумандуулук багытка бурууга, жаратылыш менен байланышканда балдар өзүлөрүн бактылуу сезүүгө басым жасоо. Чүй, Ысык-Көл, Нарын областарынын аймагындагы 40-45 бала бакчалары менен ар дайым иш алып барылууда. Келечекте бала бакчалар менен билим берүү иштери улана берет.

2.Жалпы билим берүүчү мектептердеги окуучуларга өлкөбүздүн жаратылышы, сейрек кездешүүчү жана жоголуп кетүү алдында турган жаныбарлар тууралуу кеңенирээк маалымат берүү менен бирге өсүп келе жаткан муундун жаратылышты коргоого болгон аң сезимин жакшы жакка бурууга, өлкөбүздүн жаратылышына, айлана чөйрөнүн тазалыгына кайдыгер карабоого үндөөгө, мекенди сүйүүгө тарбиялоо. Өлкөбуздүн төрт областынын (Чүй, Ысык-Көл ,Нарын, Талас) 110 го чукул жалпы билим берүүчү орто мектептеринде жылы бою экологиялык билимди алып баруу менен мектеп окуучуларын жаратылышты коргоого үндөп келүүдө.

Германиянын жаратылышты коргоо союзунун (NABU) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгүнүн экологиялык билим берүү бөлүмүнүн иш алып барган өлкөбүздүн жалпы билим берүү орто мектептеринин саны:

№	Экологиялык билим өтүлгөн орто мектептер жайгашкан аймак	Орто мектептердин саны
1.	Чүй области	32
2.	Ысык-Көл области	26
3.	Нарын области	46
4.	Талас области	2
	Баардыгы:	106

3.Келечекте өлкөбүздүн ар кайсы тармагында эмгектенүү үчүн ар кандай кесип алууга билим алып жаткан, өлкөбүздүн флагманы аталган Ж.Баласагын атындагы КУУ жана К.Карасаев атындагы БГУ баш болгон көптөгөн жогорку окуу жайларында билим алып жаткан студенттер арасында экологиялык билимдерин жогорулатуу жана өлкөбүздүн жаратылышын коргоого салымын арттыруу максатында лекциялар окулуп турат. Ар түрдүү экологиялык иш чараларды көбүнчө Ж.Баласагын атындагы КУУнун география, экология жана туризм факультетинен "Экология" адистигинен билим алып жаткан студенттер менен иш алып барылат. Жазгы ишембиликтин убактарында аталган студенттер менен Бишкек шаарындагы А.Гареев атындагы ботаникалык бакта, борборубуздун эс алуу парктарында "Таштандысыз жаратылыш" аттуу экологиялык акциялар өткөрүлүп турат.Акция учурунда жашоочулар тарабынан ташталган таштандыларды чогултуп жыйнап, жашоочуларды таштанды таштоо маданиятына үндөө, жаратылышыбызды таза сактоого чакыруу.

Ошондой эле Кыргыз Ала-Тоосунун түштүк капталындагы эс алуучулар көп барып эс алып, таштанды толуп калган аймактардын көйгөйлөрүн чечүү максатында Ж.Баласагын атындагы КУУнун география,экология жана туризм факультетинен "Экология" адистигинен билим алып жаткан студенттер менен "Таштандысыз жаратылыш" аттуу экологиялык акцияларларын жыл сайын өткөрүп келүүдө. Акыркы эки жылда өткөрүлгөн ушундай иш чаранын натыйжасында Кегети капчыгайында эс алуучулар көп каттаган Кегети шаркыратмасында Германиянын жаратылышты коргоо союзунун (NABU) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгүнүн тарабынан таштанды таштоочу үч челек орнотулду. Эң негизги көңүл буруучу жагдай, ошол аймак Кегети токой чарбасына карагандыктан, токой чарбанын жетекчилиги намыстандыбы же Германиянын жаратылышты коргоо союзунун (NABU) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү түрткү бердиби, токой чарбачылыгы быйылкы жылдан баштап ошол аймактарга ондон ашык таштанды челектерин орнотту. Азыркы убакта да таштанды челектерин орнотууда жана капчыгайга келген эс алуучулар туш келди таштанды таштабай, таштандылар таштанды челектерине ташталып,таштанды маселелери чечилип калды. Келечекте ушундай иш чаралар мындан ары да улантылат.

4.Өлкөбүздүн аймагындагы калкка экология, жаратылышты коргоо багытында дайыма түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. Жыл бою Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Талас областарынын аймактарындагы айыл өкмөттөрүнө, аймакта жашаган калкка жаратылышты коргоо, браконерчиликке каршы иш чараларын үзгүлтүксүз жүргүзүп келет. Акыркы убактарда Кыргызстанда экотуризм багытында алыскы чет өлкөлөрдөн келген туристтердин, эс алуучулардын саны өсүүдө. Албетте ал туристтердин агымы негизинен жай айларына туура келүүдө. Германиянын жаратылышты коргоо союзунун (NABU) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү ошол мезгилдерде алыскы жайлоолорго чейин барып, жайлоолордогу, алыскы тоолордогу туристтик сферада иштеген өлкөбүздүн жарандарына жаратылышты коргоо иш чараларын уюштуруп, аларга жаратылышты коргоо семинарларын өткөрүп келүүдө. Бул иш чарага эң сонун мисал катары Суусамыр, Соң-Көл аймагында жыл сайын өткөрүп келген иш чараны айтсак болот. Өлкөбүздөгү эң бийик, туристтер көп келген аймак Соң-Көл аймагы алдыңкы орундарда болуп келүүдө. Тилекке каршы туристтик сезон учурунда топтолгон турмуш тиричилик таштандылары алынып кетпей, бийик тоолуу аймагыбызга көмүлүп калуу менен гана чектелип келген. Германиянын жаратылышты коргоо союзунун (NABU) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү Соң-Көл аймагында мындай көйгөйлөрдү чечүү максатында жана элибиздин патриоттулугун арттыруу максатында быйыл "Саякат туризм" туристтик фирмасы менен Соң-Көл өрөөнүнө туристтер көп

каттаган Батай жерине өлкөбүздүн 8 метрлик бийиктиктеги туусун жана таштанды таштоочу беш таштанды челегин орнотту. Жыйынтыгында ошол аймактагы ар жерге ташталуучу таштандылар бир жерге топтолуп, мурункудай тоолу аймактын жерине көмүлбөй Кочкор айлына алып келинип, жалпы таштанды ташталуучу жерге жеткирилүүдө.

Мындай иш аракеттер өлкөбүздүн жарандарынын жаратылышты жана өздөрү жашап жаткан аймакты сүйүүгө, табигый жаратылышка аяр мамиле жасоого жана коргоого, экологиялык маданият жалпы маданияттын бир бөлүгү экенин түшүнүүгө, жаратылышты коргоо иш чараларынын жакшыруусуна алып келүүдө.

Кыргызстандын жаратылышы ар түрлүү жана табигый жактан дүйнөнүн башка жерлерине караганда жакшы сакталып калган. Бирок өлкөбүздүн жаратылышынын азыркы абалы мурунку мезгилдерге карата салыштырып карасак кооптуу абалга туш келүүдө. Мындай абал коомчулуктуу дүрбөлөңгө салууда.

Акыркы жылдары Германиянын жаратылышты коргоо союзунун (NABU) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү, өкүлчүлүктүн ичиндеги экологиялык билим берүү бөлүмү Бишкек шаарынын жана Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Талас областарынын жалпы билим берүүчү орто мектептери менен экологиялык билим берүү жана жаратылышты коргоо боюнча жыл бою үзгүлтүксүз иштеп келүүдө. Жогорудагы мектептер жаратылыш коругуна, жаратылыш парктарына жана токой чарбасына, бийик тоолуу аймактарга жакын жайланышкандыгына байланыштуу атайын тандалып алынган. Анткени ошол аймактарга жакын бийик тоо кыркаларына Германиянын жаратылышты коргоо союзунун (NABU) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгүнүн браконерчиликке каршы "Барс" тобу жылдын ар кайсы мезгилдеринде фотокапкандарды орнотуу менен бирге, жапайы жаныбарларга, анын ичинен илбирстерге үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүп келишүүдө. Үзгүлтүксүз жүргүзүлгөн фотомониторингдин жыйынтыгында экологиялык билим берүүнү жүргүзгөн аймактын бийик тоо кыркараларынан илбирс, аюу, бугу-марал ж.б.жаныбарлар катталууда жана алардын саны өтө аз санда. Биз ошол аймактардагы жапайы жаныбарлардын, анын ичинде илбирстин жаратылыштагы жашоосу жөнүндө, илбирстердин жаратылышыбыздан азайып жок болуп бара жатканын, аларды сактап калуунун маанисин жалпы билим берүүчү мектептер аркылуу өсүп келе жаткан муундарга жеткирүү, окуучулар аркылуу алардын ата-энелерине да маалымат жетсин деген максатта экологиялык билим берүүбүздү өткөрүп келүүдөбүз.

Түшүндүрүү иштеринин натыйжасында иш чара өткөн аймактын калкы жаратылышка мурункудан башкача, аяр мамиле жасаганы байкалууда. Мисалы: Акыркы үч жылда Чоң Кемин өрөөнүнүн жалпы билим берүүчү мектептеринин окуучуларына жана өрөөндө жашаган калкка Германиянын жаратылышты коргоо союзунун (NABU) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгүнүн, өкүлчүлүктүн ичиндеги экологиялык билим берүү бөлүмүнүн үзгүлтүксүз иш аракеттеринин натыйжасында жергиликтүү калк арасында мыйзамсыз аң уулоо, өрөөнгө башка жактан келип мыйзамсыз аң уулоолор кыскарып жокко эсе. Ал жердеги калктын негизги ою, өрөөнгө келип аң уулабай эле эс алуучуларга эс алуунун башка кызматтарын көрсөтүү. Ошонун натыйжасында акыркы убактарда экотуризм, жайлоо туризми, фототуризм, кымыз менен дарыланып эс алуу тармактарын алсак болот.

Кыргыз Республикасы Борбордук Азиядагы ар түрлүү ландафтуу,жаратылыш ресурстары, фауна жана флора дүйнөсү көп түрлүү жана бай тоолуу өлкө. Республиканын жаратылышы кооз жана табихый түрдө жакшы сакталып калган.Бирок жылдан жылга көптөгөн антропогендик иш аракеттердин натыйжасында жаратылыш жабыркап, табихый ландшафтардын аянты кыскарууда, фауна жана флора дүйнөсүнүн түрлөрү, биологиялык ар түрдүүлүк азайууда, жаратылыш ресурстарын сарамжалсыз пайдалануунун кесепетинен өлкөбүздүн келечектеги муундары үчүн табихый жаратылыш коркунучта турат.

Ошондуктан "Германиянын "NABU" жаратылышты коргоо союзу" коомдук бирикмесинин Кыргыз Республикасындагы филиалынын негизги максаттарынын бири Республикабыздын жаратылышын сактап калуу жана коргоо үчүн өлкөбүздүн жарандарынын экологиялык аң сезимин, экологиялык билимин жана экологиялык маданиятын калыптандыруу жана Республикабыздын экологиялык билим берүү тармагына салым кошуу болуп эсептелет.

"Германиянын "NABU" жаратылышты коргоо союзу" коомдук бирикмесинин Кыргыз Республикасындагы филиалы Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдар аралыгындагы туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиясынын 5-бөлүмүндөгү " Туруктуу өнүгүү үчүн айлана чөйрөнү коргоо" бөлүмүндөгү койулган максаттарды колдойт.

"Германиянын "NABU" жаратылышты коргоо союзу" коомдук бирикмесинин Кыргыз Республикасындагы филиалы мындан ары да экологиялык билим берүү боюнча төмөндөгүдөй максаттар менен ишин улантат:

- мектепке чейинки билим берүү мекмелеринин (бала бакча) тарбияланууучуларына жаратылыш, жаныбарлар жана өсүмдүктөр жөнүндө түшүнүк берүү жана жана жаратылышты сүйүүгө, коргоого кызыктыруу, жаратылышты коргоо аң-сезимин калыптандыруу;

- жалпы билим берүүчү орто мектептин окуучуларына жаратылышты коргоо жана экологиялык билим берүү иш чараларын өткөрүп туруу менен

өлкөнүн жаратылышы жана мекени бир түшүнүктө болоорун түшүндүрүү;

- өлкөнүн жарандарына жаратылышты жана мекенди сүйүү ,жаратылышты коргоо,экологиялык билимди жайылтуу;

- орто жана жогорку окуу жайларынын студенттерине экологиялык билим берүүнү жайылтуу, жаратылышты коргоо багыты боюнча илимий-практикалык иш чараларды үзгүлтүксүз жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасындагы жаратылышты коргоо багытындагы иш чаралаларга жардам берүү, өзүнүн сунушун берүү ж.б.

Макаланы жыйынтыктап жатып, Германиянын жаратылышты коргоо союзунун (NABU) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү, өкүлчүлүктүн ичиндеги экологиялык билим берүү бөлүмү мындан ары да жаратылышты коргоо, жоголуу коркунучундагы жапайы жаныбарларды коргоо жана сактап калуу, анын ичинде кызыл китепке кирген жаныбарларды жана анын жашоо чөйрөсүн коргоо жана сактап калуу боюнча өлкөбүздүн аймактарына, аймактардагы жайгашкан жалпы билим берүүчү орто мектептердин окуучуларына, ЖОЖдордун студенттерине, баардык жаратылышты коргоого кызыккан жарандарыбызга экологиялык билимин улантып келген, экологиялык билим берүү иш чараларын мындан ары да улантып,түшүндүрүү иштерин жүргүзө бермекчи.

Колдонулган маалыматтар:

1. Кыргыз Республикасынын Кызыл Китеби.Экинчи басылышы. Бишкек-2006.510-бет.
2. Германиянын жаратылышты коргоо союзунун (NABU) Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү. өкүлчүлүктүн ичиндеги экологиялык билим берүү бөлүмүнүн отчеттору.
3. Экологиялык билим берүүнүн илбирсти коргоого кошкон салымы.РНТЖ. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.№10.Бишкек-2015.Стр. 65-65.

Рецензент: Dr.rer.nat. Дуйшонакунов М.